# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
«Элдик» депутаттык тобунун
сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2023-жылдын 4-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ч.А. Айдарбекова, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, сот отурумунун катчысы Маамыталы кызы Камиланын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Элдик» депутаттык тобунун сунуштамасын карап чыгып, төмөнкүлөрдү

## Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна (мындан ары – Конституциялык сот) 2023-жылдын 17-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Элдик» депутаттык тобунун (мындан ары – депутаттык тобу) «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбооруна (мындан ары – мыйзамдын долбоору) корутунду берүү жөнүндө сунуштамасы келип түшкөн.

Сунуштамада баяндалгандай, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VII чакырылышынын 61 депутатынын демилгеси менен мыйзамдын долбоору иштелип чыккан. Аталган мыйзам долбоору «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 22-беренесине ылайык, Жогорку Кеңешинин

расмий сайтында 2022-жылдын 20-октябрында коомдук талкуулоо үчүн жайгаштырылган. Мыйзамдын долбоорун кабыл алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 116-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине референдум дайындоо тууралуу сунуш киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-пунктун жетекчиликке алып, депутаттык тобу мыйзамдын долбооруна Конституциялык сот тарабынан корутунду берүүнү суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды текшерип чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде судья-баяндамачы Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 26-беренесине ылайык, аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген сунуштама Конституциялык сотто ишти кароого себеп болуп саналат. Берилген сунуштама аталган конституциялык Мыйзамдын 19, 24, 26, 27, 28-беренелеринин талаптарына жооп берет.

Жогоруда аталгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Элдик» депутаттык тобунун «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбооруна корутунду берүү тууралуу сунуштамасы өндүрүшкө кабыл алынсын.

| | |
|---|---|
| Судьялар коллегиясы: | Ч.А. Айдарбекова |
| | К.А. Дуйшеев |
| | Л.Ч. Жолдошева |

№________